# Эне



Автор: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

# Эне

Автор: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Эне» (кыргыз тилинде), автор Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom

Кеч күздө Гера ак төш борсойгон эгиз күчүк тууду. Күчүктөрдү көрүп, Тилек аябай сүйүндү. Кубанганын жашыра албай, кошуна досуна чуркады.

– Биздин Гера эки күчүк тууду. Экөө тең ак төш сулуу күчүктөр экен..!

Досу Кушубек күчүк баккысы келип жүргөн болчу. Угуп эле көрүүгө ашыкты. Келип экөө окшош ак төш күчүктөрдү кызыга карап турушту. Бирок Гера ал экөөнү жанына жакын жолотпой, “балдарыма тийбегиле...” – дегенсип, ырылдап кызгана карады.





Ал экөөнү Тилектин апасы көрүп:

– Балдар, итке жакын барбагыла. Ал силерден балдарын кызганып жатат, – деди.

– Мен дагы күчүк баккым келет... – деди Кушубек, – мен бирөөсүн алсам болобу?


– Шашпа, күчүк көзүн ачсын, анан бир аз чоңойсун. Жаңы туулган күчүктөргө үч жумадай тийбеш керек. Себеби, энеси эмизип жаткан учурда, кызганып каап алышы мүмкүн, – деди Тилектин апасы.

Балдар күчүктөрдүн көзүн ачышын чыдамсыздык менен күтүп жүрүштү.

Арадан күндөр өтүп жатты. Күчүктөр көздөрүн ачып, кыймылга келип, көзгө сүйкүмдүү көрүнүп калды.

"Бул – менин күчүгүм... Тиги сенин күчүгүң болот..." дешип, эки дос колдоруна алып ойногулары келди. Бирок дагы деле Герадан коркушуп, күчүктөргө тийгенге батынышкан жок.

Күн да суук боло баштады. Бир күнү күчүктөрдүн жанына келсе, Гера көздөрүн жалжылдатып карады. Тилекке иттин мындай көз карашы: «Күн сууктап кетти, балдарым үшүп жатат" дегендей сезилди.



Анан Гера бир күчүгүн желкесинен тиштеп алды да, ордунан турду. Тилек анын эмне кылып жатканын түшүнгөн жок. Күчүк байкуш чыдабай кыңылдап жиберди. Тилекке ал ыйлап жаткандай туюлду. Күчүктү аяп тынчсызданган Тилек апасына чуркады.

– Апа, – деди ал аптыгып, – Гера күчүгүн тиштеп алып..., күчүгү ыйлап жатат...

Апасы келсе, Гера күчүгүн желкесинен тиштеген боюнча жакын жердеги дивандын үстүнө коюп жатыптыр. Ит уясына кайра кирип, берки күчүгүн да желкесинен тиштеп келип, диванга жаткызды.

Тилек апасы экөө Геранын бул жоругуна таң кала карап турушту.

– Баласын жылуу күнөс жерге чыгарайын деген турбайбы... – деди апасы.

Гера эртеси да ошентти. Күн тийген кезде күчүктөрүн жылуу дивандын үстүнө жаткызып, күн салкындаганда уясына алып барып убара болуп жатты. Мунун баары Тилек менен Кушубекке аябай кызык көрүндү.

Иттин уясы суук болчу. Ошону сезди го, Тилек Геранын уясын жылуулайын деп ойлоду. Бирок кантип? Гера болсо Тилекти жанына жолотпойт. “Балдарымды алып аласың” дегенсип, ырылдап, тиштерин көрсөтөт... Бул тууралуу ал досу Кушубекке айтып, аны жардамга чакырды.

Тилектин апасы Геранын күчүктөрү менен эшикке чыгарып берди. Эки дос уяны жылуулоого киришишти. Асты жылуу болсун деп, талпак төшөштү. Капталынан шамал кирбесин деп, дубалына кийиз  кадашты.

Аңгыча күн батты. Айлана салкындай түштү. Гера күчүктөрүн желкесинен тиштеп, кайрадан уясына киргизди.

– Ит болсо да эне да, – деди Тилектин апасы.

– Көрдүңөрбү, балдарым, “Күн суук, үйүбүз муздак, балдарым үшүп жатат...” – деп силерден жардам сурап жаткан турбайбы... Мына эми, Гера силерге ыраазы болот...

– Ооба, – деди Тилек. – Күчүктөр эми үшүбөйт. Энеси да балдарын бизден кызганып ырылдабайт.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли